## 2015-жылдын январь-октябрь айларындагы акча-кредит көрсөткүчтөрүнүн динамикасы

2015-жылдын январь-октябрь айларында экономиканын өсүш арымы (УСКнын алдын ала маалыматтары боюнча) 4,8 пайызды (2014-жылдын январь-октябрь айларында – 4,4 пайызды) түзгөн, «Кумтөрдү» эске албаганда реалдуу ИДӨ 4,0 пайызга (2014-жылдын январь-октябрында 4,5 пайыз) өскөн.

Отчеттук мезгил ичинде инфляция 1,4 пайыз чегинде катталган, ал эми ушул эле жылдын октябрында инфляция жылдык мааниде 4,9 пайызды (2014-жылдын январь-октябрь айларында 6,8 пайызды, жылдык мааниде – 8,9 пайызды) түзгөн. ЭВФ ыкмасы боюнча[1] базалык инфляция кароого алынып жаткан мезгил ичинде 6,1 пайызды, жылдык мааниде – 7,8 пайызды (2014-жылдын январь-октябрь айларында – 6,2 пайызды, жылдык мааниде – 8,1 пайызды) түзгөн.

АКШ долларынын сомго карата расмий курсу 2015-жылдын башталышынан тартып 18,4 пайызга өсүү менен 1 АКШ доллары үчүн 69,6980 сомду (2014-жылдын январь-октябрь айларында – 16,5 пайыз) түзгөн.

Акча базасы отчеттук жылдын январь-октябрында 4,8 пайызга өсүү менен 67 583,1 млн сомду (2014-жылдын январь-октябрында 7,0 пайызга төмөндөгөн) түзгөн, анын ичинде жүгүртүүдөгү акчалар башка депозиттик корпорациялардын камдарынын 28,1 пайызга көбөйүшүндө 1,8 пайызга арткан.

Жүгүртүүдөгү акчалардын өсүшүнө салыштырганда, башка депозиттик корпорациялардын камдарынын өсүш арымынын озушу, башка депозиттик корпорациялардын камдарынын салыштырма салмагынын көбөйүүсүн шарттаган, буга ылайык 2015-жылдын октябрынын акырына карата абал боюнча акча базасынын түзүмү төмөнкүчө:

- жүгүртүүдөгү акчалардын үлүшү 86,0 пайызды түзгөн;
- башка депозиттик корпорациялардын камдарынын үлүшү 14,0 пайызды түзгөн.

Башка депозиттик корпорациялардын камдарынын түзүмүндө милдеттүү камдар жыл башынан бери 7 620,6 млн сомду түзүү менен 13,9 пайызга көбөйгөн, ал эми үстөк камдар (арылткандан кийин) 163,3 пайызга 1 853,9 млн сомго чейин (2014-жылдын январь-октябрында милдеттүү камдар 12,1 пайызга өскөн болсо, үстөк камдар 82,3 пайызга көбөйгөн) өскөн.

Акча базасынын өсүшү Өкмөттүн операцияларына шартталган, алар жыл башынан бери аны 12,2 млрд сомго көбөйтүшкөн. Улуттук банктын операциялары, тескерисинче, акча базасын 9,0 млрд сомго кыскарткан.

2015-жылдын январь-октябрь айларында акча базасына көбүнчө Улуттук банктын төмөнкү операциялары таасирин тийгизкен:

- валюталык интервенциялар акча базасын 11,5 млрд сомго азайткан;
- кредиттик аукциондор – январь-октябрь айларында берилген каражаттардын дүң көлөмү 1,5 млрд сом чегинде катталган;
- ички рынокто алтынды сатып алууга – 0,5 млрд сомго.

Улуттук банк мындан тышкары арылтуу операцияларын жүргүзгөн (ачык рыноктогу операциялар жана «овернайт» депозиттери): алардын орточо күндүк көлөмү 2,4 млрд сомду түзгөн.

Таза чет өлкө активдери (ТЧА) 2015-жылдын январь-октябрында 15,0 пайызга (же 15 703,8 млн сомго), негизинен, таза эл аралык камдардын (ТЭК) 15 959,3 млн сомго өсүшү эсебинен көбөйгөн. Алтын кен казып алуу жайларын иштетүүдөн акча каражаттарынын, ошондой эле мамлекеттик бюджетти колдоого кредиттердин жана гранттардын келип түшүүлөрү таза эл аралык камдардын өсүшүнө негизги салым кошушкан.

Дүң эл аралык камдар отчеттук мезгил ичинде доллар эквивалентинде 1 893,0 млн АКШ долларын түзүү менен 65,6 млн АКШ долларына азайган.

---

[1]Жалпы инфляциядан азык-түлүк товарлары жана электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү алынып салынат

Таза ички активдер (ТИА) отчеттук мезгилде 31,2 пайызга же 12 592,6 млн сомго (өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде 44,3 пайыз) азайган. Башка статьялардын 5 107,5 млн сомго азаюусу, башка финансы мекемелердин алдында милдеттенмелердин Россия-Кыргыз өнүктүрүү Фондунун операцияларына байланыштуу 5 052,7 млн сом өлчөмүндө көбөйүүсү жана валюта курстарынын жана баалуу металлга баанын өзгөргөндүгүнөн улам, чет өлкө валютасындагы активдерди жана алтынды кайра баалоого байланыштуу, капитал эсептеринин 1 227,9 млн сомго көбөйүүсү таза ички активдердин төмөндөөсүнө негизги салым кошкон. Ал эми таза ички активдердин өсүшүнө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери боюнча милдеттенмелердин 292,6 млн сомго көбөйүүсү салым кошкон.

**Акча топтомдорунун өзгөрүшү**

Банктардан тышкаркы нак акчалардан жана улуттук валютадагы[2] депозиттерден турган *М2 акча топтому*, 2015-жылдын январь-октябрында 81 981,5 млн сомду түзүү менен 0,5 пайызга азайган (2014-жылдын январь-октябрында 7,2 пайызга төмөндөгөн).

М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы отчеттук мезгил ичинде 139 069,7 млн сомду түзүү менен 11,7 пайызга көбөйгөн, бул негизинен башка депозиттик корпорациялардын депозиттеринин 18,1 пайызга, 85 815,0 млн сомго чейин (2014-жылдын январь-октябрь айларында М2Х 4,3 пайызга көбөйгөн) өсүшү менен шартталган.

М2Х кеңири мааниде колдонулган акча массасынын түзүмү төмөнкүчө:

- банктардан тышкаркы нак акчалардын үлүшү – 38,3 пайыз (2014-жылдын 1-ноябрында – 44,6 пайыз);
- улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү – 20,7 пайыз (2014-жылдын 1-ноябрында – 22,4 пайыз);
- чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү – 41,1 пайыз (2014-жылдын 1-ноябрында – 33,0 пайыз).

Чет өлкө валютасындагы депозиттер 57 088,2 млн сомду түзүү менен 35,4 пайызга, алмашуу курсунун таасирин эске албаганда 15,2 пайызга өскөн, ал эми улуттук валютадагы депозиттер 5,8 пайызга 28 726,7 млн сомго чейин кыскарган. Натыйжада, депозиттердин жалпы көлөмү 2015-жылдын январь-октябрь айларында 85 815,0 млн сомду түзүү менен 18,1 пайызга (2014-жылдын январь-октябрында –18,4 пайызга) өскөн.

М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасында камтылган депозиттерди долларлаштыруу деңгээли отчеттук жылдын октябрынын акырына карата өтүп жаткан жылдын башталышындагы деңгээлге салыштырганда 8,5 пайыздык пунктка көбөйүү менен 66,5 пайызды түзгөн.

*Экономикага кредит*[3] *2015-жылдын* январь-октябрында 94 636,4 млн сомду түзүү менен 15,2 пайызга, алмашуу курсунун таасирин эске албаганда – 5,5 пайызга өскөн (2014-жылдын январь-октябрында экономикага кредит, тиешелүүлүгүнө жараша 38,2 жана 27,6 пайызга өскөн).

2015-жылдын январь-октябрь айларында банк тутумунун таза чет өлкө активдери 127 908,5 млн сомду түзүү менен 19 319,0 млн сомго (17,8 пайызга) (өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде 2,9 пайызга) көбөйгөн.

Отчеттук жылдын октябрь айынын акырына карата банк тутумунун таза ички активдери 4 793,6 млн сомго же 30,0 пайызга көбөйүү менен 11 161,2 млн сом чегинде катталган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде 14,0 пайызга көбөйгөн эле).

2015-жылдын октябрь айынын акырында эсептик чен Улуттук банк Башкармасынын чечимине ылайык 10,00 пайыз деңгээлинде белгиленген (ушул эле жылдын сентябрь айынын акырындагы деңгээлине салыштырганда өзгөрүүсүз). Ушундан улам «овернайт» кредиттери жана депозиттери боюнча пайыздык коридордун жогорку жана төмөнкү чектеринин чени тиешелүүлүгүнө жараша 12,00 жана 4,00 пайыз деңгээлинде (өзгөрүүсүз) белгиленген.

---

[2] Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда, жеке адамдардын, юридикалык жактардын жана финансы-кредит мекемелеринин депозиттери.

[3] Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда, жеке адамдардын, юридикалык жактардын жана финансы-кредит мекемелеринин кредиттери.

Кароого алынып жаткан жылдын октябрь айынын акырына карата жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 10,00 пайызды түзгөн. Банктар аралык кредит рыногунда репо операциялары боюнча орточо салмактанып алынган чен октябрь айында эсептик ченден төмөн түптөлгөн жана 8,87 пайызды түзгөн.

Финансылык ортомчулук даражасын мүнөздөгөн, кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча мультипликатору отчеттук жылдын 1-ноябрына карата 2,058, М2 мультипликатору – 1,213 (2014-жылдын тиешелүү мезгилинде, тиешелүүлүгүнө жараша – 1,853 жана 1,241) чегинде катталган.

М2Х акча топтому боюнча эсептелген, экономиканы монетизациялоо коэффициенти октябрь айынын акырына карата 29,88 пайызды, М2 акча топтому боюнча – 18,7 пайызды (2014-жылдын октябрь айынын акырына карата, тиешелүүлүгүнө жараша – 31,21 жана 22,47 пайызды) түзгөн.

**Акчаларды жүгүртүү тездиги**

Экономикада акча массасынын көлөмүнүн көбөйүү арымына салыштырганда, номиналдык ИДӨнүн өсүшүнүн озгон арымда болушу, өтүп жаткан жылдын башталышындагы деңгээлге салыштырганда акчалардын жүгүртүү тездигинин 0,09 ыкчамдашын шарттаган жана октябрь айынын акырына карата жүгүртүү тездиги 3,35 (М2Х боюнча) түзгөн.

Улуттук банктын кассасына 2015-жылдын январь-октябрь айларында 49 530,9 млн сом келип түшкөн, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 2 921,3 млн сомго же 20,7 пайызга аз, ал эми берүү 5 426,3 млн сомго же 9,7 пайызга азаюу менен 50 558,6 млн сом чегинде катталган.

Коммерциялык банктардын кассаларына отчеттук мезгил ичинде 841 244,0 млн сом келип түшкөн, бул 2014-жылдын ушул эле мезгилине салыштырган 16 702,1 млн сомго же 2,0 пайызга көбөйсө, берүү 22 279,4 млн сомго же 2,7 пайызга көбөйүп, 844 722,2 млн сомду түзгөн.

Төлөм системасында 2015-жылдын январь-октябрь айларында системадагы финансылык тобокелдиктердин деңгээли минималдуу чекте сакталган. Жүгүртүү коэффициенти октябрь айынын акырына карата 0,39, ликвиддүүлүк коэффициенти – 2,57ди түзгөн.